**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 28-майда болуп өткон профессордук-окутуучулук курам менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 12

**Күн тартиби:**

1. Профессордук-окутуучулук курамга сурамжылоо жүргүзүү
2. Профессордук-окутуучулук курамдын сунуш-пикирин угуу

**Угулду:**

Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев – Саламатсыздарбы, агайлар-эжекелер? Бизде салт болуп калгандай, ар окуу жылынын аягында курамдан анкета алынат. Бүгүн силерди топтоп отурганыбыздын да себеби – ушул. Анкетада 3 багыттагы суроолор бар. Силер берген жооптор факультеттин өсүп-өнүгүшүнө, кемчилдиктерди жоюуга, окуу пландардын өзгөрүшүнө салым кошот.

Жалпы окутуучуларга анкета таратылып берилет.

**Сөзгө чыккандар**:

- Проф. С.Момуналиев – Кесиптештер, албетте, сурамжылоонун жүргүзүлүшү бул алдыга болгон кадамдын бир багыты болот. Ал менен биз жетишкендик, кемчилдиктерибизди билип, кемчилдиктерди жоюуга шарт түзөт. Ошондуктан болгон нерсени жашырбай, анкетадагы суроолорго толук жооп берип, иштин кызыкчылыгын ойлосок деген сунушту айтмакмын. Магистратрлер азыркы учурдагы адабий процесстин жана жаңы доордогу адабияттын абалы тууралуу маалыматка ээ болуусу, тилдин негизги өнүгүү закон-ченемдүүлүктөрүн, адабий процесстин өнүгүү тенденциясын анализдей алышы керек.

Доц. А.Мурзакметов – Биздин факультетте бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлүп келет. Албетте, окутуучулардын салымы чоң. Биздин анкетага берген жоопторубуздун, сунуштарыбыздын негизинде университетте, факультетте өзгөрүүлөр, өнүгүүлөр болот деп ойлойм. Филологиялык багытта окуган жана бүткөн магистрлер өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, жыйынтыктарына баа бере алышы керек.

Доц. З.Раимбердиева – Саламатсыздарбы, кесиптештер? Менин айтайын деген сунушум: окутуучуларга методикалык жактан жардам берүүчү акысыз семинар-тренингдер өтүлүп турса жакшы болмок. Өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүндө, окутуу процессинде маалымат технологияларын пайдалананышса деген сунушум бар.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Профессордук-окутуучулук курамдын жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Профессордук-окутуучулук курамдын төмөнкүдөй сунуш-пикирлери эске алынсын:

1) филологиялык багытта өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, жыйынтыктарына баа бере алуусу;
2) өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүндө, окутуу процессинде маалымат технологияларын пайдалана алышы;
3) тилдин негизги өнүгүү закон-ченемдүүлүктөрүн, адабий процесстин өнүгүү тенденциясын анализдей алышы;
4) азыркы учурдагы адабий процесстин жана жаңы доордогу адабияттын абалы тууралуу маалыматка ээ болуусу;
5) эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган адистерди даярдоо.

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

28-май, 2022-жыл